**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА МИНИСТРЛИГИНИН БАЙЛАНЫШ ТЕЛЕФОНУ:**

**(0312) 62 03 19**

**КОНТРОЛДОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ЖӨНГӨ САЛУУ БӨЛҮМҮ:**

**(0312) 62 05 35, кош. 5040, 148, 146**

**ЭКОНОМИКА МИНИСТРИЛИГИНИН САЙТЫ:**

**WWW.MINECONOM.KG**

**ИШКЕРДИКТИ ТЕКШЕРҮҮ БОЮНЧА МААЛЫМАТ САЙТЫ:**

**WWW.PROVERKA.KG**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА МИНИСТРЛИГИНИН РЕГИОНДУК БӨЛҮМДӨРҮНҮН БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**

**Түндүк региондор аралык башкармалыгы**
(0312) 62 41 45, (0312) 45 69 59
Бишкек ш., Чуй пр. 106

**Ысык-Көл облусу боюнча бөлүмү**
(0312) 29 40 22
Каракол ш., Абдрахманов көч. 105

**Талас облусу боюнча бөлүмү**
(0312) 29 60 48
Талас ш., Бердике Баатыр көч. 287

**Нарын облусу боюнча бөлүмү**
(0312) 29 50 42
Нарын ш., Мамбетаалы уулу Таранчы көч. 20

**Түштүк региондор аралык башкармалыгы**
(03222) 7 60 98, (03222) 7 63 97

**Баткен облусу боюнча бөлүмү**
(03622) 5 01 93
Баткен ш., Т.Садыков көч. 1

**Жалал-Абад облусу боюнча бөлүмү**
(03722) 7 00 49
Жалал Абад ш., Панфилов көч. 4

**Ош облусу боюнча бөлүмү**
(03222) 2 99 18
Ош ш., Ленин көч. 221

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА МИНИСТРЛИГИ

# ТЕКШЕРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ ЭМНЕЛЕРДИ БИЛЕСИЗДЕР?

текшерүү ийгиликтүү өттү • проверка пройдена успешно

IFCнин Кыргыз Республикасындагы инвестициялык климатты жакшыртуу долбоорунун колдоосу менен басып чыгарылды

## 2007 ЖЫЛЫ «ИШКЕРДИКТИН СУБЪЕКТТЕРИНЕ ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМ КАБЫЛ АЛЫНГАН

### МЫЙЗАМДЫН МАКСАТЫ:

- текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартибин жана негизги принциптерин ыйгарым укуктуу органдар тарабынан бекитүү;
- тараптардын укутарын, жоопкерчиликтерин, милдеттерин жана ишкерлерди коргоо боюнча ченемдерди аныктоо.

### ТЕКШЕРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨР ЖАНА ТОЛУКТООЛОР

2011 жылы «Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилген.

**Негизги өзгөртүүлөр:**

- пландык текшерүүлөрдүн мөөнөтүнүн кыскарышы;
- текшерүүлөрдү тобокелдиктин даражаларынын негизинде жүргүзүү;
- текшерүү барактарын колдонуу.

**Пландык текшерүүлөрдүн мөөнөтү:**

- чакан ишкердик субъекттери үчүн – 5 жумушчу күн;
- калган ишкерлер үчүн – 15 жумушчу күндөн ашпайт.

ЭСКЕРТМЕ! Пландуу текшерүүнүн мөөнөтү текшерүү жүргүзүүчү контролдоочу органдын жетекчисинин жазуу жүзүндөгү тескемеси (буйрук, жазуу жүзүндөгү көрсөтмө) боюнча узартылышы мүмкүн, бирок бир жолудан көп эмес, жана 10 жумушчу күндөн ашык эмес мөөнөтке.

### ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ТОБОКЕЛДИКТИН ДАРАЖАЛАРЫНЫН НЕГИЗИНДЕ ЖҮРГҮЗҮҮ

Текшерүүгө тийиштүү бардык ишкердиктин субъекттери тобокелдиктин үч: **жогорку, ортоңку** жана **төмөнкү** даражаларынын бирине кирет.

Тобокелдиктин даражасына жараша мамлекеттик текекшерүү органы пландуу текшерүүлөрдүн мезгилдүүлүгүн белгилейт:

- **жылына бирден ашык** эмес – тобокелдин жогорку даражасындагы субъектер үчүн;
- **3 жылда бирден ашык** эмес – тобокелдиктин ортоңку даражасындагы субъектер үчүн;
- **5 жылда бирден ашык** эмес – тобокелдиктин төмөнкү даражасындагы субъектер үчүн.

### ТЕКШЕРҮҮ БАРАКТАРЫ

**Текшерүү барагы**- бул текшерүү жүргүзүүдө контролдоочу органдар тарабынан колдонула турган жана ишкер өз ишин жүргүзүүдө сактоого тийиш болгон талаптарды камтыган документ.

Пландуу текшерүүнү текшерүү барактарын колдонбостон жүргүзүүгө жол берилбейт.

Текшерүүнүн жүрүшүндө инспектор текшерүү барагында көрсөтүлгөн **талаптардын негизинде гана**, ушул талаптардын чегинен чыкпастан текшерүүгө укуктуу.

## ЭСКЕРТМЕ:

- жазма буйрукта көрсөтүлгөн күн текшерүү башталган күнү болуп эсептелет;
- Сиз инспекторду өз аймагыңызга киргизбөөгө укуктуусуз, эгерде:
  - а) Сиз алдыда болуучу текшерүү жөнүндө 10 күн мурун билдирүү албасаңыз;
  - б) жазма буйрукта көрсөтүлгөн текшерүү мөөнөтү өтүп кетсе же башталa элек болсо.
- инспектор кызматтык күбөлүгүн, тескемени (жазма буйрук) жана текшерүү баракчаны көрсөтүүгө тийиш;
- тескемеде көрсөтүлгөн адамдын маалыматтары текшерүү жүргүзүү үчүн келген инспектордун күбөлүгүндөгү маалыматтарга дал келүүгө тийиш;
- инспектор инспектордук текшерүүлөрдүн китебине жазууларды жазууга милдеттүү;
- текшерүү иш убагында гана жүргүзүлүүгө тийиш;
- текшерүү жүргүзүүгө тескемеде (буйрукта, жазма буйрукта) көрсөтүлгөн гана адамдарга гана жол берилет;
- инспектор текшерүү жүргүзүүнү негиздеген жана ага ылайык өткөрүлүүчү ченемдик укуктук актыларды, ошондой эле башка документтерди көрсөтүүгө тийиш;
- текшерүү аяктаганда инспектор сизге актынын жана жазма буйруктун нускаларын тапшырууга тийиш;
- Сиз текшерүүгө тиешесиз документтерди инспекторго көрсөтпөөгө укуктуусуз;
- эгерде Сиз текшерүүнүн жыйынтыгы менен макул болбосоңуз, текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Актыга жазуу жазууга жана даттанууга укуктуусуз.

## WWW. PROVERKA.KG МААЛЫМАТ САЙТЫ

**2012-жылы Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин текшерүүлөр боюнча расмий www.proverka.kg маалыматтык сайты иштей баштаган.**

**Сайт төмөнкүдөй маалыматтарды камтыйт:**

- Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды;
- текшерүү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу контролдоочу органдар жөнүндө маалыматты;
- текшерүү жүргүзүү боюнча текшерүү барактарынын үлгүлөрүн;
- ишкерлердин тобокелдик даражаларын баалоо боюнча текшерүүнү пландаштырууда жана жүргүзүүдө контролдоочу органдардын тобокелдик критерийлерин;
- ишкердик субъекттерин текшерүү жөнүндө башка маанилүү маалыматтарды.



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ИШКЕРДИКТИН СУБЪЕКТТЕРИНЕ ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮ УКУГУНА ЭЭ БОЛГОН МАМЛЕКЕТТИК КОНТРОЛДООЧУ ОРГАНДАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы;
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы;
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Байланыш мамлекеттик агенттиги;
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Санитардык, ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция;
5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция;
6. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы Метрологиялык көзөмөл боюнча мамлекеттик инспекция;
7. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы Атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча департамент;
8. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Оорулардын алдын алуу жана экспертизалоо департаменти;
9. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары-дармектик камсыздоо жана медициналык техника департаменти;
10. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Баалуу металлдар департаменти;
11. Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигинин алдындагы Отун-энергетика комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик департамент;
12. Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду.